# ММК фондунун 2026 жылдын 9-айында жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер

2026-жылдын 9-айында жарандардан 41577 кайрылуулар келип түшкөн, анын ичинде Шыр байланыш телефону боюнча 39345, ММК фондунун аймактык бөлүмдөрүндө 354 оозеки кайрылуулар, жазуу жүзүндө 526, электрондук почта боюнча 288 жана коомдук кабылдамалардан 1064. Даттануулар 867, 266 учур негиздүү деп табылды, бул 31 %ды түзөт.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты. Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 103 учурда сөгүш, анын ичинде 4 жолу катуу сөгүш берилди; 161 учурда эскертүү берилди; 22 учурда материалдык колдоо алынып салынды; 10 медициналык кызматкер (өз каалоосу боюнча) иштен бошотулду, кызматкерлери арасында, анын ичинде этика жана деонтологияны сактоо боюнча түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлгөн. ММК фондунун кызматкерлери 279 учурда даттанууларды кароо боюнча комиссиянын ишине катышкан.

Ошондой эле ММК фондуна жазуу жүзүндө 170 арыз (материалдык жардам көрсөтүү) жана консультациялык мүнөздөгү суроолор менен 103 арыздар келип түшкөн жана 17 сунуш.

Баардык кайрылууларга телефон аркылуу консультациялар жана кат жүзүндө жооптор берилген, ошондой эле бейтаптарга специалистерден консультация алууга жана ооруканаларга жатууга жардам көрсөтүлгөн.